DOI: 10.26104/NNTIK.2022.52.62.061

*Табалдиева Н.Т.*

# МЕКТЕП-ЛИЦЕЙЛЕРДЕ АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯЛОО СИСТЕМАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Табалдиева Н.Т.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ РАЗВИТИЯ СИСТЕМЫ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ В ШКОЛАХ И ЛИЦЕЯХ

*N. Tabaldieva*

# PEDAGOGICAL FOUNDATIONS FOR THE DEVELOPMENT OF THE SYSTEM OF MORAL EDUCATION IN SCHOOLS AND LYCEUMS

*УДК: 37.013.21*

*Бул илимий макалада мектеп-лицейлерде адеп-ахлактык тарбиялоо системасын өнүктүрүүнүн педагогикалык негиздерин өнүктүрүү моделин түзүү, окуучулардын руханий жана адеп-ахлактык жактан калыптанышы үчүн натыйжалуу шарттарды түзүү, педагогиканын руханий жана адеп-ахлактык билим берүү сыяктуу маанилүү багыты бүгүнкү күндүн талабына жооп берген, азыркы окуучуларга руханий баалуулуктардын маанисин ачып бере турган багыттарды, ыкмаларды иштеп чыгуу, окуучунун инсандык субъективдүү касиеттерин жана сапаттарын калыптандырууга багытталган мектептеги тарбия иштеринин системасын өнүктүрүү зарылчылыгы, анын теориялык жана практикалык билиминин жетишсиз өнүгүшүнүн ортосундагы карама-каршылыкты чечүүдөн турган изилдөө иштери жана социалдык-педагогикалык аспектилеринин өз ара байланышы, аны чечүүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин иштеп чыгуунун зарылдыгы каралат. Окуучуларды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо билим берүү процессинин милдеттүү компоненттеринин бири болууга тийиш.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, коомдук аң-сезим, мектептеги тарбия чөйрөсү, мектеп, ата-эне, окуучу, адеп-ахлак, тарбия, руханий баалуулуктар.*

*В данной научной статье рассматриваются вопросы формирования модели развития педагогических основ развития системы нравственного воспитания в школах и лицеях, создания эффективных условий для духовно-нравственного становления учащихся, разработки направлений, методов, отвечающих современным требованиям такого важного направления педагогики, как духовное и нравственное образование, и раскрывающих значение духовных ценностей для учеников, рассматривается необходимость развития системы школьной воспитательной работы, направленной на формирование субъективных свойств и качеств личности учащегося, взаимосвязь исследовательской работы и социально-педагогических аспектов, состоящих в разрешении противоречия между недостаточным развитием его теоретических и практических знаний, необходимость разработки теоретических и методологических основ ее решения. Нравственное воспитание учащихся должно быть одним из обязательных компонентов образовательного процесса.*

***Ключевые слова:*** *семья, общественное сознание, образовательная среда в школе, школа, родители, ученик, нравственность, воспитание, духовные ценности.*

*This scientific article deals with the formation of a model for the development of pedagogical foundations for the development of a system of moral education in schools and lyceums, creation of effective conditions for the spiritual and moral development of students, development of directions, methods that meet modern requirements of such an important area of pedagogy as spiritual and moral education, and revealing the importance of spiritual values for students, the need to develop a system of school educational work is considered, aimed at the formation of the subjective properties and qualities of the student's personality, the relationship of research work and socio-pedagogical aspects, consisting in resolving the contradiction between the insufficient development of his theoretical and practical knowledge, the need to develop theoretical and methodological foundations for its solution. The moral education of students should be one of the mandatory components of the educational process.*

***Key words:*** *family, public consciousness, educational environment at school, school, parents, student, morality, upbringing, spiritual values.*

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстанда акыркы он жылдык биринчи кезекте жалпы орто билим берүүнү өнүктүрүү тенденцияларын тапкан жана аларда чагылдырылган активдүү коомдук кайра куруулардын мезгили катары мүнөздөлөт. Бул тенденциялардын бири мектептеги иштин тарбиялык компонентинен чындап баш тартуу жана окутуунун өзүнө артыкчылык берүү болгон.

Билим берүү тармагындагы негизги көйгөйлөр коомдун экономикалык жана саясий реформасы менен байланышкан. Кирешелердин кескин дифференцияланышы, үй-бүлөлөрдүн массалык жакырданышы байкалууда. Үй-бүлөлөрдүн калыптанган салттары бузулууда: ата-энелердин көп иш менен камсыз болушу же, тескерисинче алардын жумушсуздугу таасир этүүдө. Бул жагдай балдардын ички чыр-чатактарын да, көйгөйлөрүн да пайда кылат, муну психологдордун, дарыгерлердин, психиатрлардын маалыматтары тастыктап, баланын тышкы дүйнө, коом менен, башка адамдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн көйгөйлөрүн ачык көрсөтөт.

Мунун баары жалпы билим берүү системасынын борбордук звеносу болгон жалпы билим берүү мекемелеринин алкагында тарбия иштеринин статусун жогорулатуу зарылдыгын көрсөтүп турат. Бул Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги та-

рабынан иштелип чыккан «2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасы» менен ырасталган. Бул документ мектептик билим берүү системасынын мазмунун жана түзүмүн жаңылоого, билим берүү процессинин көп кырдуулугун жана интеграциясын камсыз кылууга багытталган. Программада билим берүү системасында билим берүүнү уюштурууну өркүндөтүүнүн максаттары, милдеттери жана негизги багыттары, Кыргыз Республикасынын региондорундагы мектептерде билим берүү практикасын өнүктүрүүнүн перспективалары аныкталган.

Программа маңыздуу түрдө буга чейин топтолгон тажрыйбага негизделген. Мектептик билим берүү системасынын маселелери боюнча концепциялар, программалар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын региондорунун деңгээлинде иштелип чыккан.

Бул мектеп окуучуларын тарбиялоодо системалуу мамиле кылуунун проблемаларын чечүүнүн зарылдыгын дагы бир жолу көрсөтөт. Бул жагынан Кыргыз Республикасында мектептерде алгылыктуу иштер жүргүзүлдү деп айтсак болот. Мында мектептик окуу практикасынын тажрыйбасы мурда эле топтолгон жана жарым-жартылай жалпыланган.

Коюлган максатта изилдөөлөрдү жүргүзүүдө билим берүүнүн маңызын түшүнүүгө концептуалдык мамилелерге арналган илимий эмгектерге таянуу маанилүү болот: жеке окуу ишмердүүлүктөр боюнча (Л.Ю.Гордин, И.Бекбоев, М.Касымалиев) [5], системалуу культурологиялык мамиле боюнча (Б.Т.Лихачев, Е.Н Степанов, Н.Ишекеев ж.б.) [12].

Азыркы илимий адабияттарда мектеп окуучуларын окутууда жана тарбиялоодо, окуу жайдын турмушун башкарууда системалуу мамиле кылуу маселеси педагогика боюнча көптөгөн изилдөөлөрдө (В.Г. Афанасьев, Ю.К. Бабанский, И. Бекбоев, М.Н. Скаткин, Э. Мамбетакунов ж.б.у.с.) чагылдырылган [1,2, 11]. Системалуу мамиле өзгөчө дидактикалык изилдөөлөрдө активдүү колдонулат (И. Бекбоев, Ю.К. Конаржевский, С. Калдыбаев, И.Я. Лернер ж.б.) [9,10, 11]. Мектептин билим берүү системасы, анын структурасы, негизги мүнөздөмөлөрү жөнүндө жалпы түшүнүктөр калыптанган (В.С. Библер, А.А. Бодалев ж.б.) [7,8]; мектептин окуу системасындагы класстын ролун жана ордун изилдейт [12].

Мектепте тарбия ишинин системасын калыптандыруу жана өнүктүрүү маселелери түздөн-түз М.М. Поташник, Ю.П. Сокольников жана башкалардын илимий иштеринде кеңири каралган.

Тарбиялык иштердин системасын оптималдаштыруунун методологиялык жана теориялык негиздери иштелип чыккан (М.М. Поташник); системанын калыптануу, өнүктүрүү жана жаңылануу этаптары, анын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү каралат (В.А. Караковский); областтын, кичирайондун, мектептин, башталгыч жамааттын деңгээлинде билим берүү системасынын оптималдуу иштешинин моделин көрсөттү (Ю.П. Сокольников), инновациялык мектепте окуу-тарбия иштеринин системасын куруунун айрым аспектилерин изилдеген (Н.К. Тихомирова, В.А. Гольдберг, И.В. Андрюшин ж.б.). Аймактык билим берүү программаларын иштеп чыгууда региондоштуруу принцибин ишке ашыруунун шарттарын тандоого болгон мамилеси белгиленген (Т.Н. Деминада); аймактык билим берүү системаларын изилдөө (И.А. Бочкарева, П.П. Проданов ж.б.).

Мектептеги тарбия иштеринин инсандык-багыттуу системасынын маңызын анализдеп түшүнүүгө инсанды өнүктүрүү маселелери боюнча иштеген психолог-педагогдордун (Б.Г. Ананиев, Е. Берн, Р. Берн, И. Бекбоев, С.Калдыбаев) изилдөөлөрү бул багытта илимий материалдардын базасын түзгөнгө өзүнүн салымдарын кошушкан [5, 6, 9, 10].

Л.В. Байбородова, М.И. Шиловалардын эмгектеринде мектептеги тарбиялык иштеринин системасын өнүктүрүүнүн натыйжалуулугунун критерийлерине жана көрсөткүчтөрүнө өзгөчө көңүл бурулду.

Ошону менен бирге мектептеги окуу-тарбия ишинин системасын өнүктүрүүнүн уюштуруучулук-педагогикалык шарттары жөнүндөгү адабияттарды жалпы талдоо, биздин оюбузча, алардын теориялык жактан жетиштүү иштелбегендигин көрсөттү. Педагогикалык адабияттарды талдоо мектепте тарбиялык иштерин уюштурууга системалуу мамиле кылуунун негизги концепциялары бир тараптуу түшүндүрмө ала электигин көрсөттү. Окуучунун инсандык субъективдүү касиеттерин жана сапаттарын калыптандырууга багытталган мектепте тарбия иштеринин системасын түзүүнүн теориялык негиздери жетишерлик терең жана толук ачыла элек. Тарбиялык иштердин орто мектептердеги системаларын өнүктүрүүгө байланышкан маселелер ачык бойдон калууда, мында учурдагы окуу практикасына системалуу талдоо, мектептеги тарбиялоо иштеринин системасын өнүктүрүүнүн уюштуруучулук-педагогикалык шарттары, билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлбөй тургандыгы анализге алынды.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

– окуучунун инсандык субъективдүү касиеттерин жана сапаттарын калыптандырууга багытталган тарбия иштеринин системасын түзүү;

– социалдык-педагогикалык аспектилеринин өз ара байланышы, аны чечүүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин иштеп чыгуу.

Тарбия берүү – бул үзгүлтүксүз процесс. Бүгүнкү күндө дагы окуучулардын адеп-ахлактык тарбиялоо системасын өнүктүрүү моделдерин иштеп чыгуу өтө актуалдуу.

Мектепте руханий жана адеп-ахлактык билим берүү жараянынын негизги максаты — окуучулардын руханий жана адеп-ахлактык жактан калыптанышы үчүн натыйжалуу шарттарды түзүү болуп саналат. Бүгүнкү күндө бул биздин коомдун эң маанилүү маселелеринин бири. Руханият кризиси биздин урпактарыбыздын жашоосун маанисиз кылат.

Педагогиканын руханий жана адеп-ахлактык билим берүү сыяктуу маанилүү багыты бүгүнкү күндүн талабына жооп берген, азыркы окуучуларга руханий баалуулуктардын маанисин ачып бере турган ыкмаларды табууга багытталган. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда замандын талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө болбосун өзүнүн компотенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарыл.

**Изилдөөнүн проблемасы** төмөнкүлөрдүн ортосундагы карама-каршылыктарды чечүү болуп саналат:

– балдардын толук эмес үй-бүлөдө өсүшү менен ата-эненин мээриминин, тарбиясынын жетишсиздиги;

– руханий-адеп-ахлактык билим берүү маселесин чечүүдө класстан тышкаркы иштер менен чектелбестен, окуучунун инсандык руханий калыптанышына өбөлгө боло турган мектептеги руханий атмосфераны түзүү;

Каралып жаткан маселенин актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык жактан жетишсиз иштелип чыгышы изилдөөнүн темасын аныктоо үчүн негиз болду: "Мектеп-лицейлерде адеп-ахлактык тарбиялоо системасын өнүктүрүүнүн педагогикалык негиздери"

**Изилдөөнүн максаты:**

Мектеп-лицейиндеги тарбия иштеринин системасын өнүктүрүүнүн, уюштуруунун жана педагогикалык шарттарынын комплексин аныктоо жана негиздөө.

**Изилдөөнүн объектиси:** табигый илимдер багытындагы мектеп-лицейинде тарбиялык иштерин жүргүзүү процесси.

**Изилдөө предмети:** табигый илимдер багытындагы мектеп-лицейинде тарбиялык иштеринин системасын өнүктүрүүнүн уюштуруучулук-педагогикалык шарттары.

**Изилдөө гипотезасы** төмөндөгү багыттар табигый илимдер багытындагы мектеп-лицейинде тарбиялык иштеринин системасын өнүктүрүү натыйжалуу болот эгерде:

• баланын инсандык баалуулукка негизделген мамилесин калыптандыруу камсыз кылынса;

• окуучунун инсандыгынын өнүгүшүнө таасир этүүчү тарыхый-географиялык, маданий-улуттук жана психологиялык-педагогикалык факторлор эске алынса;

• тарбиялык иш системасынын максаттуу, мазмундук, уюштуруучулук, башкаруучулук жана эффективдүү компоненттеринин комплекси ишке ашырылса;

• максаттуу, билим берүү жана өнүктүрүү программаларынын комплексинин негизинде окуучулардын өз алдынча өнүгүүсү үчүн оптималдуу билим берүү мейкиндиги түзүлсө, анын негизин ар тараптуу чыгармачылык ишмердүүлүк түзсө;

• системаны моделдештирүү, калыптандыруу жана өнүктүрүүнүн негизги этаптарын ишке ашыруу үчүн педагогикалык кадрларды атайын даярдоо жүргүзүлсө.

**Изилдөө максаттары.** Проблеманын, предметтин жана максаттын негизинде төмөнкүдөй ***милдеттер коюлат***:

▪ билим берүүнүн жаңы парадигмасынын позициясынан "тарбиялык иштердин системасы" түшүнүктөрүнүн маңызын тактоо;

▪ педагогикалык теорияда жана мектеп практикасында тарбиялоо иштеринин системасынын заманбап уюштуруу абалын жана мазмунун мүнөздөп берүү;

▪ жалпы билим берүүчү мектептин тарбиялоо ишинин системасынын моделин иштеп чыгуу жана анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө текшерүү, аны мектеп практикасында колдонуу боюнча айрым практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмасы:** Иштин жүрүшүндө теориялык жана эмпирикалык методдордун комплекси колдонуу пландалган.

Теориялык методдор: окуу концепцияларын жана программаларын иштеп чыгууда жалпы билим берүүчү мектептердин адабий булактарын жана практикалык тажрыйбасын талдоо жана жалпылоо, окуу-тарбия иштерин жаңылоо, жалпы билим берүүчү мектепте окуу-тарбия иштеринин системасын уюштурууну моделдөө.

Эмпирикалык методдор: сурамжылоо методдору (интервью, анкета), эксперттик баалоо жана өзүн өзү баалоо методу; педагогикалык байкоо жана педагогикалык ишмердүүлүк тажрыйбасын жалпылоо.

Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү баштапкы методологиялык позицияларга таянуу, теориялык жана практикалык методдордун комплексин колдонуу, корутундуларды жана практикалык сунуштарды эксперименталдык текшерүү менен камсыз кылуу. Алынган изилдөө маалыматтары, алардын сапаттык жактан иштетилиши аткарылган иштин объективдүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн далили катары кызмат кылат.

**Изилдөөнүн этаптары**.

**1 этап.** Проблеманы изилдөөдө философиялык, психологиялык-педагогикалык илимий жана илимий-методикалык адабияттарды анализдөө аркылуу ишке

ашырылат жана төмөнкү түшүнүктөр каралат: окуучулардын руханий жана адеп-ахлактык жактан калыптанышы, тарбиялык иш системасынын максаттуу, мазмундук, уюштуруучулук, башкаруучулук жана эффективдүү компоненттеринин комплекси. Тарбиялык иштердин багыттары боюнча системаны моделдештирүү, калыптандыруу жана өнүктүрүүнүн ыктарын изилдөө. Изилдөө темасын тактоо, анын актуалдуулугун, максатын, милдеттерин, гипотезасын негиздөө, мектеп-лицейлерде баланын инсандык баалуулукка негизделген мамилесин калыптандыруу, окуучунун инсандыгынын өнүгүшүнө таасир этүүчү тарыхый-географиялык, маданий-улуттук жана психологиялык-педагогикалык факторлорду эске алуу менен адеп-ахлактык тарбиялоо системасынын моделин иштеп чыгуу жана эксперименттик байкоо.

**2 этап.** Мектеп-лицейлердин шарттарында окуучулардын адеп-ахлактык тарбиялоо системасынын делин толугу менен иштеп чыгуу жана иш жүзүнө ашыруу; изилдөөнүн милдеттерин, максатын, гипотезасын тактоо; максаттуу, билим берүү жана өнүктүрүү программаларынын комплексинин негизинде окуучулардын өз алдынча өнүгүүсү үчүн оптималдуу билим берүү мейкиндиги түзүү; тарбиялык мааниси терең ар тараптуу чыгармачылык ишмердүүлүктөрдү жүргүзүү.

**3 этап.** Окуучулардын адеп-ахлактык тарбиялоо системасын өнүктүрүүнүн моделин корректировкалоо (түзөтүү); калыптандыруучу эксперименттерди жүргүзүү; изилдөө жыйынтыгын ситемалаштырууну жана кайра иштеп чыгууну ишке ашыруу; иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгүн аныктоо. Жыйынтыктыктарды тактоо.

**Изилдөө базасы** – Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи (Бишкек ш. Токтогул көчөсү 68).

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** :

– теориялык жана тажрыйбалык-эксперименттик изилдөөнүн негизинде жалпы билим берүүчү мектептин адеп-ахлактык тарбиялоо ишинин системасынын моделин иштеп чыгуу жана анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө текшерүү, аны мектеп практикасында колдонуу менен айрым практикалык сунуштарды иштеп чыгуу иштери такталат;

– алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү, негиздүүлүгү менен баштапкы методологиялык позицияларга таянуу, теориялык жана практикалык методдордун комплексин колдонуу, корутундуларды жана практикалык сунуштарды эксперименталдык текшерүү менен камсыз кылынат. Алынган изилдөө маалыматтары, алардын сапаттуу иштетилиши аткарылган иштин объективдүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн далили катары кызмат кылат.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси**:

– «тарбиялоо ишинин системасы», деген түшүнүккө маанилүү мүнөздөмөлөрүн негиздеген жана биринчи жолу Республиканын мектептериндеги окутууга тарбиялоо практикасынын абалына илимий анализ берилет;

– аймактын өзгөчөлүгүн эске алуу менен мектептин окуу-тарбия иштеринин системасын өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн аныкталган жана негизделген уюштуруучулук-педагогикалык шарттар;

– окуучунун инсанынын субъективдүү касиеттерин жана сапаттарын өнүктүрүүнү камсыз кылган жалпы билим берүүчү мектептин окуу-тарбия ишинин системасынын модели түзүлөт;

– билим берүүнүн гуманисттик парадигмасынын позициясынан мектептин тарбия ишинин системасын эффективдүү өнүктүрүүнүн критерийлери аныкталат жана эксперименталдык жактан текшерилет;

– иштелип чыккан илимий-методикалык материалдарды жалпы билим берүүчү мектептердин тарбия процессине киргизүүнүн натыйжалуулугу көрсөтүлөт.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** уюштуруу-методикалык камсыздоонун мазмунун иштеп чыгууда:

- максаттуу тарбия берүү жана өнүктүрүү программаларынын комплекси;
- мектепте тарбия берүү процессин башкаруунун узак мөөнөттүү планы;
- мектептин тарбиялоо иштерин системалык талдоо программалары;
- жалпы билим берүү уюмунун деңгээлинде класс жетекчилердин квалификациясын жогорулатуу программалары;
- мектептин окуу-тарбия ишинин системасын өнүктүрүүнүн натыйжаларына көз салуу методдору.

**Жыйынтык:**

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тууралыгы жана негиздүүлүгү коюлган көйгөйлөрдү теориялык жана эмпирикалык ыкмаларды колдонуу менен чечүүдө бирдиктүү мамиле кылуу менен түшүндүрүлөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын жактыруу жана жайылтуу Бишкектеги профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинде практикалык эксперимент иштери менен жүргүзүлөт. Мектеп-лицейдин окуучуларынын адеп-ахлак тарбиясынын калыптануусунун теориялык жана практикалык суроолору педагогикалык кенештерде, усулдук семинарларда, педагогикалык окууларда, ачык класстык сааттарда талкууланышы керек. Изилдөөнүн ар кандай этаптардагы жыйынтыктары жана жүрүшү кесиптик педагогиканын, педагогика илимдердин кафедрасында, окумуштуулар кеңешинде көрсөтүлүшү жана талкууга алынышы керек.

**Адабияттар:**


1. Афанасьев В.Г. О системном подходе к воспитанию // Сов. Педагогика. -1991. - № 2. - С. 77-81.
2. Бабанский Ю.К. Оптимизация воспитательного процесса: Методические рекомендации. М.: Просвещение, 1980. - С. 24-28.
3. Берне. Р. Развитие Я концепции и воспитание. - М.: Мысль, 1986. - 422 с.
4. Бекбоев И.Б., Касымалиев М.У. Особенности применения компьютерных технологий при персонификации учебной деятельности учащихся, дидактические условия создания системы учебных заданий при дифференцированном подходе [Текст] / И.Бекбоев. - Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2011. № 9. С. 257-259.
5. Калдыбаев С.К. Педагогические измерения: становление и развитие. Монография [Текст] / С. К.Калдыбаев. - Бишкек, 2008. - 208с.
6. Библер В.С. Целостная концепция школы диалога культур. Теоретические основы программы. // Психологическая наука и образование. -1996 №4. - С.66-73.
7. Бодалев А.А., Караковский В.А., Новикова Л.И. Психолого-педагогические проблемы воспитания в современных условиях. // Сов. педагогика. 1991.-№ 5. - С. 11-19.
8. Бекбоев И.Б. Учебник для юного Кыргызстанца [Текст] / И. Б. Бекбоев // Проблемы обновления школьного образования: Материалы междунар. научно-практ. конф., Ч.1. - Бишкек, 2000. - С. 12-20.
9. Бекбоев, И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. - Бишкек:Педагогика, 2003. - 338 б.
10. Мамбетакунов Э. Функции и структура нравственной культуры педагога // Наука и новые технологии. 2008. № 3-4. - С. 59-61.
11. Воспитательная система школы: аспект моделирования.: Учебно-методическое пособие / Сост. Степанов Е.Н. и др. Псков, 1994. - 93 с.